8. **Сарыков, С.Т.** Похвала, пожелание, сказанные в виде фразеологизмов и их семантика в кыргызском языке [Текст] / С.Т. Сарыков // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2017. - №3,4. – С. 38 –44.
9. **Сарыков,С.Т.** Философия поэзии Тенти Адышевой [Текст] / С.Т. Сарыков // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2020. – № 3. – С. 50–56.

*Поступила в редакцию 1.06.2021г.*

**УДК 82/821.О**

***Сарыков С.Т.***
*к.ф.н., доцент Кыргызско-Узбекского Межд. унив. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# АКЫНДЫН ЫР ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ ФИЛОСОФИЯЛЫК КӨЗ КАРАШТАР

*Макалада изилдөөнүн предмети катары Тенти Адышеванын поэзиясынын философиялуулугу каралды. Изилдөөнүн максаты - Тенти Адышеванын поэзиясы улуттук поэзиянын бир бөлүкчөсү катары көркөмдүк-поэтикалык өзгөчөлүгү, улуттук өң-түсү, өзүнө гана тиешелүү касиеттери менен эл арасында жашай бере турган көрүнүш экендигин ачып берүү. Акындын поэзиясы салттык, поэтикалык-көркөмдүк алкакта алып караганда, башка улуттук поэтикалык салттардын терен таасири менен гана жаралган көрүнүш эмес. Анын поэзиясы биринчи иретте тубаса талант менен шыктан табигый түрдө жаралган көрүнүш. Акындын чыгармачылыгы элдик поэзияга, профессионалдык поэзиянын классикалык үлгүлөрүнө жакындыгы менен түшүндүрүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *Тенти Адышева; поэзия; улуттук поэзия; профессионалдык поэзия; элдик поэзия; бийик көркөмдүктөгү чыныгы поэзия; поэзиянын классикалык үлгүсү; улуттук өң-түс.*

# ФИЛОСОФСКИЕ ВЗГЛЯДЫ ПОЭТА В МИРЕ ПОЭЗИИ

*Поэзия Тенти Адышевой, как часть национальной поэзии с художественно-поэтической особенностью, национальным колоритом и индивидуальностью, является феноменом, живущим в сознании каждого читателя. С поэтично-художественной стороны поэзия поэтессы не явление, образованное под впечатлением других национальных поэтических традиций, а в первую очередь, явление, возведенное из врожденного таланта и вдохновения естественным путем. Ее творчество поясняется схожестью к народной поэзии и к классическим образцам профессиональной поэзии.*

***Ключевые слова:*** *Тенти Адышева; поэзия; национальная поэзия; профессиональная поэзия; народная поэзия; истинная поэзия с высокой художественностью; классический образец поэзии; национальный колорит.*

# PHILOSOPHICAL VIEWS OF THE POET IN THE WORLD OF POETRY

*The poetry of Tenti Adysheva as a part of national poetry with an artistically poetic pecularity, national flavor and individuality, is a phenomenon that lives in the minds of every reader. From the poetic and artistic side, the poetry of the writers is not a phenomenon of other national poetic traditions, but fist of all, a phenomenon built from innate talent and inspiration in a natural way. Her works are ekplained by the similarity to folk poetry and classical samples of professional poetry.*

***Key words:*** *Tenti Adysheva; poetry; national poetry; professional poetry; folk poetry; authentic poetry with high artistry; classical sample of poetry; national coloring.*

Рух дүйнөсү түбөлүк турчу керемет дүйнө дейбиз. Бирок ал асманда асылып турчу нерсе да эмес. Ар убак анын күйөрманы болуп, маңызын ачып, маанисин арттырып турбаса, ал дагы азып-тозуп кетери бышык. Рух дүйнөсү бийик жана таза болгон

адамдарыбыздын асыл дүйнөсүн аңтара билип, аны жан дүйнө азыгына айлантып, муундарга суна билүү тирүүлөрдүн ыйык парзы.

***“Дүйнөдөн акын кетет, асыл кетет,***
***Сөз калат өлбөй элдин кенчи болуп,***
***Сөз калат урпактарга энчи болуп”, -*** деп аялзатынан чыккан Кыргыз Эл акыны Тенти Адышева дүйнөдөн өткөн улуу акындардын, асылдардын артында өлбөс-өчпөс улуу сөз калып, кылымдан кылым карытып жашай бере турганын “Улуу сөз” деген ырында ушундайча жазып кеткен экен. Ушул саптарын бүгүнкү күнү акындын өзүнө арнап, артында элдин кенчи, урпактардын энчиси болуп, сөз улугу, сөз сулуусу, сөз бермети поэзиясы калды десек болот.

Тенти Адышеванын поэтикалык чыгармачылыгына баш баккан адамга ириде ичинде терең сыр каткан, турмушунун психологиясынын моралы өзгөчө, эстетикасы-этикасы башкача, көөнөрбөс салттарга терең байланган философиялык лирикалары урунаары шексиз.

Акын өз турмушунда эки улуу инсан менен өмүр сүрдү. Алардын таасирлеринен, алган турмуштук тажрыйбасынан оргуштап ырлар жаралды. Акындын поэзиясынын гүлдөгөн мезгили элүү жаштын тегерегинде болду. Акын ушул жашты тегеректегенде эмоцияга берилбей, эргүүгө ээликпей, турмушка салмактуу карап, адамдык алакага, мамилеге, философияга, көз караштарга аяр мамиле жасап, ошолордун негизинде ырларды жаратып, жазып турду. Адам баласы жашы канча улуулаган сайын оош-кыйыштарды андап, оң-терс, ак-кара, жакшы-жаман сыяктуу көрүнүштөргө көз салып, турмуштун ачуу-таттуу нерселерин терең түшүнөт тура...

Ал: Өчөшүп өнөкөттүү илдет күчөп,
Өнүгүп, өөрчүй бербе улам түтөп.
Өлбөстөй жаралгансып бул дүйнөгө ,
Өмүрдөн көп нерсени адам күтөт.

Кысталыш кыя жолдо турбасаңчы,
Кылгырып кызыгы көп сырлар күтөт.
Коңур үн комуз күүсүн коштой чыгып,
Кол булгап, кооз кийинген ырлар күтөт.
Асылып, алдым торой баспачы сен,
Алдыда ак пейилдүү жылдар күтөт… - дейт.

***(«Адам күтөт» ырынан)***

Жашы өтсө да, акын мезгил менен күрөшүп, жакшылыктан үмүт үзбөй, артында калтыруучу иштер көп экенин туйган жана элге эмгегин сиңирүүнү максат кылган. Поэзия жанрында өз мүмкүнчүлүгүн толук пайдалана алган жана ар кандай илдетти адам жеңет, ал үчүн чыдамкай болуп күрөшүү керек деген чакырык жасаган.

Белгилүү адабиятчы К.Артыкбаев: «Поэтикалык ааламда мурда айтылып эле жүргөн ойлордун жаңы тараптарын, багыттарын ачып, байытып, күчтүү логикалык ой жүгүртүүлөрүн бийик көркөмдүктө, жупуну тил менен айтса чыныгы поэзия жаралат», - дейт. Чындыгында, жаңы мазмунга жаңы форманын айкалышы болмоюнча жакшы ырлар

жаралбайт. Мындай чебер айкалышуунун мыкты үлгүлөрү Тенти Адышеванын ыр дүйнөсүндө арбын кездешет.

Өткөн кылымдын 80-жылдары, поэзия бир кыйла өнүгүүнү өз башынан кечирип жаткан жылдары, изденгич калемгерлерибиздин бири С.Турганбаев минтип жазган эле: «Бүгүнкү поэзиянын чагылдыруу сферасы абдан кең андан күн алдындагы турмуштун бардык салтанаты жана коогасы, ою, кыры өз татаалдыгында камтылууга тийиш. Мына ушундан улам акындардын жүгү да оордоп, милдети жа кыйындоодо. Акын бүгүн тириликтин көп түстүү кымгуутунан, боз туманынан, ак карасы аралашып кайнап жаткан айлампасынан адамга бийик рухий канааттануу берерлик гармонияны жана ыйманды көтөрүп чыгуусу, обьективдүү дүйнө менен адам рухунун карым-катнашынын татаал процессин көрсөтүүгө тийиш».

Муну эскерип жатканыбыздын себеби, Т.Адышева биз сөз кылмакчы болуп жаткан философиялык чыгармаларын, акындарга оор жүк, жооптуу милдет жүктөлүп жаткан кездерде жаратты. Албетте, дагы кайталанганда, поэзияны жаратуу, жазуу процесси ар бир акындын индивидуалдуу дүйнө тааным жөндөмүнө, өзгөчөлүгүнө жараша жүрөөрү далай эле фактылардын негизинде далилденип келе жатат. Акын ыр жазууда кандай темада жазсам экен деп тандап отурбайт. Ал жүрөгү эмнени кааласа, эмнени сезсе, көңүлүн эмне ээлесе ошолорду жазат. Ошондуктан лирика да, романтика да, философия да айкалышып, бири-бирине чиеленишип турат.

Чынында эле, ыр саптары ойлонтуп, толгонтуп, бирде кубантып, бирде өкүнтүп, ынандыра жүрөккө жетип турбаса, ал милдетин актай албас. Акындын чыгармаларында көзгө көрүнбөгөн ички-сезүү туюмдары, бизге белгисиз купуя сырларды аракети бар.

Акын ***«Сырдашуу»*** деген ырында:
Айтчы жылдыз, эмнелерге күбөсүң,
Көз алдыңдан өткөндөрдү салмактап,
Көрдүң беле жакшы жагын,күнөөсүн?..

Күнөө көп дейт жер бетинде,
Зөөкүр көп дейт күндө баскан көчөңдөн.
Бирок билсең жакшылыкты көксөгөн,
Балбан көп дейт жамандыкты көтөргөн!..

Акындын мезгил менен үндөштүгү чыгармачылыгын алып караганда даана байкалат, ыр саптарын, анализдеп көрүңүз. Дүйнөгө жана адамга өзүнчө аналитикалык көз караштагы – акын. Ага эмоция жана ой-пикирлерди токтоолук, сабырдуулук менен билдирүү мүнөздүү. Адам сапаттарындагы нукура гармонияны изилдөөгө бет алган акын, аны өзүнүн реалдуу көрүнүштөрүндө сүрөттөөгө ынтызар. Ошол үчүн акын поэзиясы сүрөттөлгөн заттын өзүнө жакын, тактап айтканда, дал турмуштун өзүндөй сапаттары менен көрүнөт.

Анын ою дээрлик масштабдуу келип, турмушубуздагы анчейин гана көрүнгөн айрым нерселердин биз байкаган сапаты ачылып, анда жаңы ойлор орун алганын көрөбүз. Өзүн курчап турган, өзү кошо жашаган объективдүү дүйнө, реалдуу турмуш, адам жана анын зарыл түрлүү-түмөн нерселери адабияттын предмети. Ар бир акын өз чыгармачылык

жолунда ар түрдүү окуя жана көрүнүштөрдү, адамдарды тандап алат да, алардан көркөм образ жаратат.

Тенти Адышева көбүнчө морал темасына кайрылат, адамдын жүрүш-турушуна, адеп-ахлагына, ак ниет-кара мүртөздүгүнө, көңүлү жумшактыгына, акылынын толук, тайкылыгына жана башка толуп жаткан адамдык сапаттарын акындык чебер штрихтер менен белгилейт.

Адамгерчилик, ар-намыс, акыл-дээр, зээн, чындык, каада-салт деген жазылбаган жоболорду акын Тенти Адышева башкалардан өзгөчө түшүнгөн. Турмуштагы оң менен терс көрүнүштөргө зээни кейип, бир нече ырларын арнап жазган. Турмуш адамга бир жолу берилет, ошондуктан улууну урматтап, кичүүнү сыйлап, акылды бийик тутуп, ар-намыстуу болуп, адамгерчиликте кыргыздын жакшы жөрөлгөлөрүн эске алуу менен жашоо керек деген чакырыктагы ырларын жараткан.

Мындай ырларга: «Улуу сөз», «Менин күнүм», «Заманыңды баалай бил», «Замандаштар», «Таң калба», «О, жигиттер!», «Аман бол дейм», «Жигит жана тоо гүлү», «Биз балдар», «Биз аялдар», «Акындарга каалоо», «Кай бирде», «Акын деген», «Келген элем», «Ичи тар», «Бир күнү», «Талаш», «Бар беле мойнунда», «Жек көрөм» деген ырларын кошсок болот.

Адам баласы жаралгандан тартып, жашоодогу татаалдуулукту ого бетер өзүлөрү күчөтүп, татаалдантып, бири-бирине үстөмдүк жасоо, бирине-бири запкы көрсөтүү, биринин каныи бири бузуу, ушакчылык, бузукулук, эчен чексиз мыкаачылыктар, зомбулуктар, катаалдыктар бул жер бетинде канча гана иштелбеди. Акын буларды көз жаздымында калтыра албады жана өз поэзиясында дайыма кайрылып жүрүп олтурду.

Тенти Адышева кубанычын да, кайгысын да, жакшы көрүүсүн да, таарынычын да, эч качан кургактап, жөнөкөй сөздөр менен айтпастан, дайыма салыштыруу же болбосо ой түрмөктөрүнүн урунттуу пафостору менен кайрыйт. Ал кайрыктарда философиянын терең ой түйүндөрү, акыл насаат, этиканын мыкты сапаттары чагылдырылат.

Акын ***"Ичи тар"-*** деген ырында:
Жакшыларды багындырса кубанып,
Бактысына ичиң тарып кубарып.
Сен да биз жашаган дүйнөдөн,

Заарың менен баскан изиң сугарып.
Бир өзүңдөн башкаларды сүйбөгөн,
Адамдардын тагдырына күйбөгөн.
Тарыгандан тарый берип, какчайып,
Сен да өтөсүн биз жашаган дүйнөдөн, - дейт.

Акындын бул ырында философиялык көз караш менен берилген ойлор бар. Турмуштагы жакшы менен жаман эриш-аркак жүрөт, жамансыз жакшы болбойт, ошолордун бардыгынан жакшы колунан иш келген инсандар алдыга жылбайт, алар дайыма заарын чачып, иштерман адамдарга бөгөт коет, анткени менен бардык адамдардын бара турган жери бир деген ойду жазат.

Дагы акын ***«Көбүрөөк жашаар эле…»*** деген ырында:

Адамдар көбүрөөк жашаар эле,
Жоготсо жоголо күйбөсө.
Таарынып, тарытып ичтерин,
Табылса талашып жүрбөсө.
Адамдар көбүрөөк жашаар эле,

Даңк үчүн далбаса болбосо.
Максатын байлыкка багынтпай,
Нысабын напсиден коргосо.
Адамдар көбүрөөк жашаар эле,
Өмүрдүн өлчөмүн ойлошсо.
Өкүнбөй өткөрүп жиберип,
Ар дайым бир-бирин колдошсо…- дейт.

Турмушта ушакчы же жалаачы, бузуку, кара ниет ыпластардын зыянын өлчөп болбойт. Мына ушунун баары өмүрдүн душмандары. Өзүнүн да, башканын да өмүрүн азайтуу адамдардын өздөрүндө. Ошол аз өмүрдө адам арбын иш бүтүрүп, артында из калтырып, адамдын асыл сапаттары менен салымын кошуп кетүүсү ар кимдин парзы. Бирок, адамдар ар кыл, ошондуктан адам парзы да анын салмагына, өлчөмүнө жараша ар түрдүү өтөлгөнүн көрөсүң. Кыскасы, ар бир адам өзүнүн өмүр - жашоодогу адамдык парзын азбы-көппү, таза, ак пейлинен өтөй алса, бул кымбат нерсе. Эң оболу адамдардын алдында болбогондой жашоо зарыл.

Акын жогорудагы саптарды жөн эле жерден жазганы жок, башка адамдар окуса мисал болсун таризде тизмектеди. Анткени, ал турмушунда жаман адамдардын аркасы менен көп запкы тартты, бийлик бутагындагылардан куугунтук жеди. Бул жөнүндө айтса, өзүнчө узун сабак кеп болот. Запкы жегени жөнүндөгү окуялар жөнүндө Кыргыз Эл акыны Эрнис Турсуновдун да айткандары бар. Адам жашоосунда дайыма өзүнө суроо сала жүрүүсү керек: Мен эмнелерди жасадым? Эмне аткардым? Кимге пайдам, кимге зыяным тийди? Жашоого адам бир келсе, мен ушул турмушта өз ордумду таап, татыктуу жашап жатамбы? Эч кимге жамандык кылганым жокпу? Жасап жаткан ишимдин натыйжасы эмне? Кимдин көңүлүн ооруттум? Деги эле, кийинки муун үчүн пайдалуу иш кылып жатамбы? Жана башка ушул өңдүү, ушул тариздүү суроолорду бардык адамдар өздөрүнө берип жашашса, коом тазармак, жаңыланмак, өсмөк, алдыга жылмак… Дегеним, коомдун түзүүчүсү бул адам. Акын ушул нерселерди терең талдап, чыгармаларында көп кайрылган.

Дүйнө кенен, дүйнө мартсың, чеги жок,
Түрүүлүктө төгүп берген баарысын.
Дүйнө сараң, дүйнө мынча катуусуң,
Кеткенинде сыйрып алат анысын.

Кетет адам акыр сапар тонолуп,
Опо болбой тапканыңдын эч бири.

Калыңданып кара чопо катмары,
Кайтпас экен кеткендердин эч кими, - деген саптарында, акын жашоонун эң маанилүү проблемасы болгон адам турмушу, сараңдык, байлык, дүнүйөнү байланыштырып, адам коомунда жараткан мезгилди, жашоону, дүнүйөнү баарын берип, кайра аларын сүрөттөйт, аны билбей пенделик кылгандарга капаланат. Философиялык лириканын сферасы чексиз, анын мазмунун көпчүлүк учурда адам, анын өмүрү менен өлүмү, бактысы менен келечеги, байлыгы менен дүнүйөсү түзөт. Акындын чыгармачылыгында дагы этикалык, моралдык проблемаларга көбүрөөк орун берилген. Акындын ***«Жек көрөм»*** аттуу ырын окуп көрөлү:

Жек көрөм көкүрөк көтөргөндү,
Карт-курт этип калп эле жөтөлгөндү.
Жөнөкөйлүк турса да жапызданып,
Жакшы көрөм мен ага жөлөнгөндү.

Жек көрөмүн асмандан тиктегенди,
Мактанмайынча тамакты ичпегенди.
Болсо дагы жупунураак,
Жакшы көром жанаша иштегенди.

Турмушта адамдын баркы жөнүндө, тирүүлүктө анын кадырын сыйлоо, адам кадырына жетүү идеяларын көпжазган. Адам өмүрү бир эле жолу берилет, ошол берилген жашоону татыктуу жашоо, сый-урмат менен улууну урматтап, кичүүнү сыйлап жашоо принцибин адамдарга үгүт катары аздектеген. Айрыкча, бейпил жашоону адам эстафетасын алып улантуучу бала менен тыгыз байланыштырат да, адамсыз, адам коомусуз табияттын бардык көрүнүштөрү эч кандай мааниге ээ эмес деген лирикалык-философиялык жыйынтыктарды чыгарат. Чыгармаларынын башкы темаларынын бири адам. Ал бул жактан алып караганда, биринчи иретте турмуштан жабыр тарткан адамдардын тагдырын ойлоп, азаптанат. Тагдыр кыйынчылыкка туш кылган калктын ар бир катмарына өз-өзүнчө көңүл бөлүп сары-санаа тартат.

Акындын философиялык лирикаларына «Менин күнүм», «Замана», «Арман болбос», «Заманыңды баалай бил», «Жүрөк», «Өмүр чиркин», «Тирүүмдө айт», «Дүйнөгө», «Бакты немей эмине?», «Элес», «Жалган дүйнө», «Ажал көрдүм», «Жарык дүйнө», «Акым барбы?», «Тагдыр менен беттешүү», «Кеткендердин айлында", «Ой жүгүртүп", «Адам кызык…» «Мен кайда», «Тагдыр чечет», «Таялай», «Жарык дүйнө», «Ыр түрмөктөрү», «Күнөөлөйм», «Көбүрөөк жашаар эле», «Адам күтөт», «Адам кызык», «Ой жүгүртүп», «Не жанбайт», «Мен кайда», «Ыр түрмөктөрү», «Сөз жоготтум» деген өңдүү ырларын кошууга болот.

**Жыйынтыктар:**

1. Кыргыз Эл акыны Тенти Адышеванын чыгармачылыгы тереңдеп анализденген;
2. Тенти Адышеванын поэзиясындагы философиялык көз караштар баяндалды;
3. Акындын акын катары калыптанышы, көркөм башаттары жана чыгармачылыгындагы көркөмдүк чеберчиликтери ачылып берилди.

**Колдонулган адабияттар:**

1. **Адышева, Т.Ж.** Кылы үзүлгөн комузум [Текст] / Т.Ж. Адышева // Чыгармалар жыйнагынын бир томдугу. - Ф.: Кыргызстан, 1987.
2. **Айтматов, Ч.Т.** Биз дүйнөнү жаныртабыз, дүйнө бизди жаныртат [Текст] / Ч.Т.Айтматов. – Ф: Кыргызстан, 1988.
3. **Артыкбаев, К.** Чыгармалар жана ойлор [Текст] / К. Артыкбаев - Ф.: Кыргызстан, 1974.
4. **Адышева, Т.Ж.** Ырлар жана поэмалар [Текст] / Т.Ж. Адышева - Ф.: Кыргызстан, 1979.
5. **Даутов, К.** Уникалдуу феномен [Текст] / К.Даутов - Ф.: Ала-Тоо, 1989.- №9.- 159б.
6. **Тургунбаев, С.** Замандаштын дүйнөсү [Текст] / С. Тургунбаев - Ф.: Кыргызстан, 1997.
7. **Рысалиев, К.** Кыргыз ырларынын түзүлүшү [Текст] / К. Рысалиев - Ф.: Мектеп, 1963.

*Поступила в редакцию 16.06.2021г.*

**УДК: 82**

***Сулайманова М.И.***
*докторант Андижанского государственного университета, Республика Узбекистан*

## КЫРГЫЗ - ӨЗБЕК ЭЛДИК ЫРЛАРЫНДА СӨЙКӨ ОБРАЗЫНЫН БЕРИЛИШИ ЖАНА АГА БАЙЛАНЫШТУУ ЭЛДИК ИШЕНИМДЕР

*Бул макалада кыргыз жана өзбек элинин элдик ырларында сөйкө образынын берилиши жана эки элдин күндөлүк турмушундагы сөйкөгө байланыштуу кеңири тараган элдик ишенимдер изилдөөнүн предмети катары каралат. Эки элдин байыртадан келе жаткан сөйкө менен байланыштуу болгон салтынын этнографиялык статусун көтөрүү, аны элдик ырлардагы образын талдоо макаланын негизги максаты болуп саналат. Байыркы үрп-адаттарыбызды, элдик ишенимдерибизди бүгүнкү көз караш менен кароо макаланын актуалдуулугун көрсөтөт. Маселени изилдөөдө элибиздин улуттук тарбияга байланыштуу көз караштары жана ушул методологияга таянган абалда ар тараптуу анализдеп, салыштырма усулу колдонулду. Макаланын жыйынтыгында кыргыз жана өзбек элдеринин асем буюмдары байыркы маданиятыбыздын ажырагыс бөлүгү катары улуттук жүзүбүздү көрсөтүүшү, ошондуктан да алар жөнүндө билүү, аларга байланыштуу болгон элдик көз караштарды, элдик ишенимдерди кадырлоо бүгүнкү жаштардын руханий милдети экендиги эскертилет. Макаладагы ой-пикирлерден жаштарга улуттук тарбия берүү максатында колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик ыр; үрп-адат; зергер буюмдары; образ, зергер; сөйкө; магия; ишеним; дарымдар; тумар.*

## КЫРГЫЗСКИЕ И УЗБЕКСКИЕ НАРОДНЫЕ ПЕСНИ И РОДСТВЕННОЕ ДОВЕРИЕ

*В статье рассматривается изображение серег в кыргызских и узбекских народных песнях и представления двух народов о серьгах в повседневной жизни. Целью этой статьи является повышение этнографического статуса древних традиций двух народов, связанных с серьгами, анализ их изображения в народных песнях. Взгляд на кыргызские древние традиции и верования с современной точки зрения определяет актуальность статьи. При исследовании проблемы был использован метод сравнительного анализа, который был основан на народных представлениях о национальном воспитании. В конце статьи сказано, что ювелирные украшения кыргызского и узбекского народов как неотъемлемая часть древней культуры отражают национальную самобытность данных народов, поэтому долг современной молодежи - знать о них, ценить связанные с ними народные верования. Информация из статьи рекомендуется использовать в процессе национального воспитания молодежи.*